КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги I сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2025-жылдын 5 - февралы, № 1/3 Ылай-Талаа айылы.

**"Ылай-Талаа Таза Суу – Тазалык" МИнын 2025-жылга түзүлгөн бюджетинин долбоору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесине ылайык "Ылай-Талаа Таза Суу – Тазалык" МИнын 2025-жылга түзүлгөн бюджетинин долбоору тууралуу маалыматты, Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. "Ылай-Талаа Таза Суу – Тазалык" МИнын 2025-жылга түзүлгөн бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү жайыт салыгы ичинде **4 228 800** сомго бекитилсин.

2. Жайытты убактылуу пайдаланууга жайыт пайдалануучулар менен келишим түзүү, айыл аймагындагы алыскы жана жакынкы жайыттарды эрозияга учурашына жол бербей сарамжалдуу пайдалануу, жайыт акыларынан чогултуу боюнча кескин чараларды көрүү жана сырттан келген малдар боюнча элдик жыйындарга алып чыгып алардан алынуучу жыйымдар боюнча так маалыматтарды берүү менен максаттуу чыгымдарга жумшоо, калкты ичүүчү таза суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгууну жакшыртуу, айыл аймагында жашаган Афган согушунун ардагерлерине таза суу, сугат суу жана таштанды төлөмдөрүнө 50 пайыздык жеңилдик кароо менен 2025-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышын камсыз кылуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнө, "Ылай-Талаа Таза Суу – Тазалык" МИна милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин социалдык маданий, билим берүү, коммуналдык менчик, саламаттыкты сактоо, маалымдуулук, жаштардын иштери, социалдык- экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

Тиркемелер тиркелет.

Төрага А.Мойдунов

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин
05.02.2025-жылдагы № 1/3 токтомуна № 1 тиркеме

**"Ылай-Талаа Таза Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынынын 2025-жылга бюджетинин киреше бөлүгү**

| № | "Ылай-Талаа Таза Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынан түшүүчү каражат | Суммасы | анын ичинен квартал | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | I кв | II-кв | III-кв | IV-кв |
| 1 | Жайыт | 592400 | 32900 | 106200 | 171100 | 282200 |
| 2 | Таза суу | 1224000 | 306000 | 306000 | 306000 | 306000 |
| 3 | Тазалык | 2012400 | 503100 | 503100 | 503100 | 503100 |
| | Субсидия | 400000 | 100000 | 100000 | 100000 | 100000 |
| | | | | | | |
| | **Жалпы сумма** | **4228800** | **940200** | **1015900** | **1080800** | **1191900** |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин
05.02.2025-жылдагы № 1/3 токтомуна № 2 тиркеме

**"Ылай-Талаа Таза Суу Тазалык" муниципалдык ишканасынынын 2025-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү**

| № | Көрсөткүчтүн аталышы | Статья | Баардыгы | анын ичинен квартал | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Iкв | IIкв | IIIкв | IVкв |
| 1 | Эмгек акы | | 2436000 | 609000 | 609000 | 609000 | 609000 |
| 2 | Соц фонд 17.25% | | 420210 | 105052,5 | 105052,5 | 105052,5 | 105052,5 |
| 3 | Ар түрдүү чыгым | | 26500 | 7000 | 7300 | 7200 | 5000 |
| 4 | Электр энергиясы үчүн | | 120000 | 30000 | 30000 | 30000 | 30000 |
| 5 | Таза сууга иштетилүүчү тетиктер үчүн | | 250000 | 75000 | 75000 | 50000 | 50000 |
| 6 | Инвертарь, сварка, болгарка | | 15000 | 15000 | 0 | 0 | 0 |
| 7 | Канц. товар | | 11000 | 3500 | 3000 | 3000 | 1500 |
| 8 | Сапар чыгым | | 7000 | 1200 | 2800 | 2500 | 500 |
| 9 | Атайын форма | | 60000 | 20000 | 10000 | 20000 | 10000 |
| 10 | Жайлоо, жайыт жолдорун оңдоого | | 376850 | - | 293925 | 52925 | 30000 |
| 11 | Күйүүчү май | | 426240 | 106560 | 106560 | 106560 | 106560 |
| 12 | Унаа тетиктери | | 75000 | 20000 | 18750 | 22000 | 14250 |
| 13 | Транспорт чыгым | | 5000 | - | 2500 | 1500 | 1000 |
| | | | | | | | |
| | **Жалпы сумма** | | **4228800** | **992312,5** | **1263887,5** | **1009737,5** | **962862,5** |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин жооптуу катчысы** **С.Осмоналиев**